УДК 339.92:338.436.33'43'246.2(575.2+520)
DOI 10.35254/bsu/2024.69.13

***Алибекова А.Ы.***
*К.Карасаев атындагы БМУ,*
*ага окутуучу*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА «БИР АЙЫЛ – БИР ПРОДУКТ» УЛУТТУК ЭКОНОМИКАЛЫК ДОЛБООРУН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ЯПОНИЯНЫН РОЛУ

**Кыскача мазмуну**

Макалада Кыргыз Республикасында өлкөнүн экспорттук потенциалын өнүктүрүү куралы катары жапон "Бир айыл - бир продукт" долбоорунун ишке ашырылышы каралат. Цитрус өндүрүшү жана калдыктарды кайра иштетүү аймактын экономикалык өнүгүүсүнө алып келген Умаджи айылынын мисалында Япониянын ийгиликтүү тажрыйбасы талданат. Япониянын эл аралык кызматташтык агенттигинин (JICA) колдоосу менен 2011-жылдан бери Ысык-Көл облусунан баштап Кыргызстандагы долбоордун тажрыйбасы сүрөттөлөт. Долбоорду ишке ашырууда аялдардын ролуна жана аны Баткен облусун кошкондо башка аймактарга жайылтуу келечегине өзгөчө көңүл бурулат. Заманбап технологияларды жана жапон бизнес ыкмаларын киргизүү аркылуу жергиликтүү коомчулуктарды өнүктүрүү, туруктуу бизнес-моделдерди түзүү жана айыл калкынын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу үчүн долбоордун маанилүүлүгү баса белгиленет.

**Түйүндүү сөздөр:** экспорттук потенциал, кыргыз-жапон кызматташтыгы, аймактык өнүгүү, жергиликтүү өндүрүш, туруктуу өнүгүү, айыл аймактары, инновациялык технологиялар, аялдар ишкердиги, экономикалык модернизация, эл аралык кызматташтык.

***Алибекова А.Ы.***
*БГУ им. К.Карасаева,*
*ст. преподаватель*

# РОЛЬ ЯПОНИИ В СТАНОВЛЕНИИ И РАЗВИТИИ НАЦИОНАЛЬНОГО ЭКОНОМИЧЕСКОГО ПРОЕКТА «ОДНО СЕЛО – ОДИН ПРОДУКТ» В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

**Аннотация**

В статье рассматривается реализация японского проекта "Одно село – один продукт" в Кыргызской Республике как инструмента развития экспортного потенциала страны. Анализируется успешный опыт Японии на примере села Умаджи, где производство цитрусовых и переработка отходов привели к экономическому процветанию региона. Описывается опыт проекта в Кыргызстане с 2011 года при поддержке Японского агентства международного сотрудничества (JICA), начиная с Иссык-Кульской области. Уделяется

внимание роли женщин в реализации проекта и перспективам его расширения на другие регионы страны, включая Баткенскую область. Подчеркивается значимость проекта для развития местных сообществ, создания устойчивых бизнес-моделей и улучшения социально-экономического положения сельского населения через внедрение современных технологий и японских методов ведения бизнеса.

**Ключевые слова:** экспортный потенциал, японско-кыргызское сотрудничество, региональное развитие, местное производство, устойчивое развитие, сельские территории, инновационные технологии, женское предпринимательство, экономическая модернизация, международное сотрудничество.

**Alibekova A.Y.**
*BSU named after K. Karasaeva,*
*Senior lecturer*

# THE ROLE OF JAPAN IN THE FORMATION AND DEVELOPMENT OF THE NATIONAL ECONOMIC PROJECT «ONE VILLAGE – ONE PRODUCT» IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Abstract**

This article examines the use of the Japanese "One Village - One Product" project in the Kyrgyz Republic to enhance export potential, analyzing Japan's success in Umaji village, where citrus production and waste processing have spurred economic prosperity. It details the project's implementation in Kyrgyzstan since 2011, supported by the Japan International Cooperation Agency (JICA), beginning in the Issyk-Kul region. The article highlights the role of women in the project and the potential expansion to regions such as the Batken Oblast. It stresses the importance of the project for local community development, sustainable business models, and improving rural socioeconomic conditions by using modern technologies and Japanese business methods.

**Keywords:** export potential, Japanese-Kyrgyz cooperation, regional development, local production, sustainable development, rural areas, innovative technologies, women's entrepreneurship, economic modernization, international cooperation.

Дүйнөлүк экономиканын мыйзамдары боюнча ар бир мамлекетте экспорттук жүгүртүүнү кеңейтүү – өкмөттүн негизги милдети. Импорттон көз карандылык, экономикалык институттардын компетенттүүлүгүнө шек туудурат. Экспорттук продукцияларга караганда импорттун үлүшүнүн өсүшү, мамлекеттин соода партнёрлоруна көз каранды экендигин айгинелейт. Ошондуктан Кыргыз Республикасында атаандаштыкка туруштук берүүчү жергиликтүү продукциялардын экспортун көбөйтүү, аткаруу бийлигинин негизги максаттарынын бири болуп эсептелет. Импортту кыскартуу, аны ата мекендик товарлар менен алмаштыруу процесси көңүлдүн чордонунда турат.

Тилекке каршы бүгүнкү күнү кыргыз экономикасынын экспорттук потенциалы төмөнкү тепкичте калып келет. Мунун бир нече себеби бар. Алардын негизгиси – тышкы экономикалык ишмердүүлүктү либералдаштыруу мамлекеттик саясатына жана экономиканын ачыктыгына Кыргыз Республикасынын калкынын даяр эмес болгондугу. Ошонун натыйжасында азыр-

кыга чейин импорттун болуп көрбөгөндөй өсүшү келип чыкты.

Азыркы учурда экономикалык кырдаалды түздөөгө, тактап айтканда экспорттук жөндөмдү көтөрүүгө олуттуу реформалардан өтуу зарылчылыгы келип чыгып отурат. Ал багытта бир нече тосколдуктар бар. Алардын бири - жаңы түрдөгү жогорку сапаттагы жергиликтүү продукцияларды өндүрүү үчүн технологиянын жетишсиздиги. Аны менен бирге инвестициянын аздыгы да Кыргызстанда импорттун экспортко караганда басымдуулугунун себебин түшүндүрөт. Саналган көйгөйлөрдү чечүү – келечектеги экономикалык орчундуу маселелердин бири.

Ушул максатты утурлай, 2023-жылдын 20-февралында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров «Бир айыл – бир продукт» улуттук экономикалык долбоору жөнүндө» Жарлыкка кол койду [1]. Жарлыктын негизинде башкы көңүл жергиликтүү ресурстарын колдонууга багыт алып, алардан сапаттуу продукцияны өндүрүүгө бурулат. Долбоор боюнча Кыргызстандын айыл аймактарында өндүрүшчүлөрдүн бизнести башкаруу, маркетинг жана сатуу мүмкүнчүлүктөрү боюнча көндүмдөрүн өнүктүрүү пландалууда. Андан соң, өндүрүшчүлөрдүн колунан чыккан сапаттуу продукцияны жергиликтүү жана эл аралык рыноктарго алып чыгуу каралган. Ошону менен бирге, өндүрүшчүлөр жергиликтүү бренддерди түзүүнүн устундө аракеттениши зарыл.

«Бир айыл – бир продукт» улуттук экономикалык долбоору жөнүндө» Жарлык кабыл алынганга чейинки кыргыз-япон карым-катнашына көз чаптырсак, Япон мамлекети кыргыз өндүрүшчүлөрү менен көп жылдардан бери ушул долбоордун негизинде иштешип келе жатканын байкайбыз. «Бир айыл – бир продукт» долбоору Японияда иштелип чыккан. Ал аймактарды өнүктүрүүгө багытталган стратегиялык кыймыл. Негизги максаты – жергиликтүү тургундардын, анын ичинде аялдардын жана жаштардын бизнес жүргүзүү жана өнүктүрүү чөйрөсүндөгү билимин жогорулатуу, кошумча баалуулуктар менен продукциянын сапатын жакшыртуу. Ошонун натыйжасында ички жана эл аралык рыноктордо атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү арттыруу жана бизнестин кирешелүүлүгүн жогорулатуу багытында иш жүргүзүлүп келе жатат.

Чакан конуштарды калыбына келтирүү боюнча япон мамлекети тажрыйбага мол келет. «Бир айыл – бир продукт» япон долбоору 1980-жылы Оита префектурасынан башталып, андан кийин Япониянын башка аймактарына тараган. Бүгүнкү күнгө долбоор менен өнүккөн япон айылынын биринен мисал келтирели. Кочи префектурасында Умаджи айылы «Юдзуно-мура» деп аталып, кыргыз тилине которгондо «юдзу цитрус айылы» дегенди билдирет. 1990-жылдардын орто ченинде жок болуп бара жаткан айыл жергиликтүү цитруска таянган. Тургундар аны кайра жандандырып, өз кирешелерин көбөйтүп гана тим болбостон, акырындык менен ички япон рыногуна юдзу ширесинен жасалган соустарды алып чыгышты. Алардын үзгүлтүксүз аракети 1988-жылы Сейбу универмагында өткөн «Япониянын 101 айылы» көргөзмөсүндө «Юдзу айылы» баш байгени жеңип алгандан кийин жемиштерин берип, анын таанылышы тез эле жайылган. Ошол эле жылы чыгарылган бал кошулган юдзу суусундугу «Гоккун Умадзимура», ошондой эле 1990-жылы «Япониянын 101 айылы» көргөзмөсүндө айыл чарба тармагынын сыйлыгын жеңип алган жана айыл чарба кооперативинин сатуусу тынымсыз өскөн. «Юдзу но Мура» жана «Гоккун Умадзимура» азыр Умадзимура айыл чарба кооперативинин өкүлчүлүктүү продукциясына айланды [2].

Юдзу ширеси жана соус менен айылдын тургундары токтоп калышпай, илимий изилдөө жолу менен жүрүп отурушту. Кочи университетинин айыл чарба фа-

культетинин профессору Масайоши Савамура (цитрус жемиштери боюнча адистешкен агроном) айылгы жардамга келди, биргелешкен изилдөөлөрдү жүргүзүштү. Профессордун көңүлүн калдыктар бурду. «Сок алынгандан кийин кабыгы жана урук түрүндө калган калдыктары салмагынын жарымын түзөт. Калдыктардан кутулуу үчүн аны күйгүзүү керек, демек күйүүчү майларды колдонуу шарт. Цитрус өсүмдүктөрүнүн калдыктары глобалдык проблема», - деп түшүндүрдү профессор Савамура [2].

Калдыктарды эффективдүү пайдалануу жолунун үстүндө изилдөөлөр болду. Профессор калдыктарды эфир майын алуу үчүн пайдаланды, юдзу майын алуу үчүн уруктарды майдалап, компоненттерин талдап чыкты. Натыйжалар таң калыштуу болду. Уруктан алынган май меланинди бөлүп чыгарат экен. Жыйынтыгында, май негизги сулуулук продуктусу катары коммерцияга киргизилип, көптөгөн буюртмалар түштү. Ал ошондой эле эл аралык жыпар жыттуу заттар жана косметика ассоциациясынын (IFRA) стандарттарынан алда канча ашып тургандыктан, коопсуз экени далилденген. Умаджи айылы юдзу менен байыды. Жолдор жакшыртылып, туристтер түнөй турган термалдык булактар курулду.

Ички саясатта экономикалык, социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө пайдаланылып, натыйжалуулугу далилденип, оң жыйынтыкка жетишкендин себебинен, япон өкмөтү тышкы саясатта да бул долбоорду гуманитардык негизде пайдаланууну чечишкен. Долбоор 30дан ашык өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө жайылтылды. Биринчи кезекте Азиянын бир катар өлкөлөрү өздөрүнүн аймактык экономикалык кайра жаралуусу максатында «Бир айыл – бир продукт» япон программасын үлгү катары колдонуп келе жатышат. Борбордук Азия мамлекеттеринде долбоор Кыргыз Республикасынан башталды.

Жапон эл аралык кызматташтык агенттигинин (JICA) техникалык колдоосунда аталган долбоор Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунда Жети-Өгүз районунда 2011-жылы башталган. Аймакты өнүктүрүү программасынын алкагында жергиликтүү калк ичинен «жамааттар» деп аталган коомдор түзүлгөн. 2014-ж аягында бул жамааттардын саны 142ге жетип, алар Ысык-Көл облусунан баштап, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө чейин сатылган азык-түлүк жана сувенир өндүрүмдөрүн жасашат. Жергиликтүү жана жапон кеңешчилери, долбоордун катышуучуларын даяр өндүрүмдү сатып өткөрүү жана бизнести илгерилетүү жолдорун үйрөтүшөт [3].

2019-жылдын 3-октябрынан 25-октябрына чейин Япония эл аралык кызматташтык агенттигинин (JICA) биринчи вице-президенти Кошикава Казухиконун Кыргыз Республикасына биринчи расмий иш сапары болуп өткөн. JICAнын «Бир айыл – бир продукт» долбоорун Кыргыз Республикасынын башка аймактарына жайылтуу планы эки тараптан бирдей кызуу талкууланган. Кыргыз өкмөтү экологиялык продуктуларды өндүрүү үчүн чоң потенциалга ээ болгон Баткен облусунда ишке ашырууну баштоо менен долбоордун камтуу аймагын кеңейтүүнү сунуштаган. Япониянын Эл аралык кызматташтык агенттигинин биринчи вице-президенти Кошикава Казухиконун иш сапарынын алкагында Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Кара-Шаар айылында табигый кийиз буюмдарын чыгаруучу жаңы цех ачылган.

Табигый кийизден жасалган буюмдарды чыгаруучу жаңы борбордун ачылыш аземинде JICAнын биринчи вице-президенти Кошикава Казухико «Бир айыл – бир продукт» долбоорун Кыргызстандын башка аймактарына да жайылтуу боюнча иштер жүрүп жатканын, ал эми долбоордун кыргыз модели Борбордук Азиянын

башка өлкөлөрүнө татыктуу үлгү болоорун белгилеген [4].

Ошондой эле: ««Бир айыл – бир продукт» долбоору Кыргызстанда гана эмес, башка өлкөлөрдө да ишке ашырылууда. Бирок Кыргызстандагы долбоордун өзгөчөлүгү бар, бул долбоорду негизинен айымдар, активист айымдар жана кол өнөрчү айымдар ишке ашырып жатышат», - деди Кошикава мырза [4].

2024 – жылдын 3-июнунда президент Садыр Жапаров Япониянын мамлекеттик катчысы, тышкы иштер министринин улук вице-министри Киёто Цудзини кабыл алды. Жолугушуунун жүрүшүндө эки өлкөнүн ортосундагы, анын ичинде саясий, экономикалык жана маданий чөйрөлөрдө мамилелерди өнүктүрүүнүн келечеги талкууланды. «Бир айыл – бир продукт» ийгиликтүү биргелешкен долбооруна өзгөчө көңүл бурулду. Тараптар Кыргызстан менен Япониянын ортосундагы мамилелердин мындан аркы өнүгүүсү эки өлкөнүн гүлдөп-өнүгүшүнө өбөлгө болооруна ишеним билдиришти. Киёто Цудзи Япония Кыргызстан менен кызматташууну тереңдетүүнүн алкагында туризмди, адам ресурстарын өнүктүрүүгө, кичи жана орто бизнести колдоого багытталган биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууну кароого даяр экенин баса белгиледи [5].

Жергиликтүү бизнес жамааттарда жапон ыкмасы аркылуу чакан бизнести илгерилетүүнүн туруктуу модели жайылып, рентабелдүү продукциясын өндүрүү көбөйүп, сапаты жогорулап жана туруктуу бизнести түзүүгө багытталган өзүн-өзү камсыз кылуу системасы практика жүзүндө ишке ашып, жыйынтык берип келет. Долбоордун негизинде кыргызстандык ишкерлер жалаң жергиликтүү ресурстардын эсебинен сапаттуу сертификацияланган продукцияны өндүрүүгө мүмкүнчүлүк алышты, айыл жерлеринде өндүрүштү стимулдаштырууга жана орнотууга, жумушсуздук көйгөйлөрүн чечүүгө, айыл элинин социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга багыт алынды.

Демек, Кыргыз Республикасында «Бир айыл – бир продукт» улуттук экономикалык долбоорун калыптандырууда Япониянын башкы ролдо экени далилденип турат. Келечекте Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүшүнө каралып жаткан долбоор бир топ ийгиликтерди алып келе турганы анык. Ар бир айылдын шартына жараша япон ыкмаларын жайылтуу жолу менен экономика тармагында да, социалдык маселелерди чечүү жолунда да ийгиликтерге жетишүүгө өбөлгө түзүлүп жатат. Айыл ишкерлери чийки затты экспорттоонун ордуна чакан ишканаларды куруп, продукция өндүрүп, андан кана сон сатуу бир топ киреше берээрин түшүнүп турушат. Кыргыз өкмөтү «Бир айыл – бир продукт» долбоорун андан ары илгерилетүү үчүн мамлекеттик деңгээлде колдоо көрсөтүү, аны андан ары ишке ашырууда эң чоң эффект берээрине ынанды. Жапон валонтерлору, кеңешчилери аркылуу Кыргызстанда айтылып жаткан долбоордун ыкмалары менен бирге заманбап технологиялар жайылып жатканы кадыресе пайда берип жатат.

Долбоорду иш жүзүнө ашыруу аркылуу Кыргызстандын айылдары киреше булагы менен өзүн-өзү камсыз кыла алат. Айылдагы чакан өндүрүштөрдүн заманбап технологиялар менен камсыздандырылышы келечекте Япон мамлекети сыяктуу илим, технология жактан өнүккөн мамлекеттер менен карым-катнашты бекемдөөдөн көз каранды. Ошол себептен «Бир айыл – бир продукт» улуттук экономикалык долбоорун Кыргызстанда өнүктүрүүдө Японияга чоң үмүт артылат.

**Литература**

1. О Национальном экономическом проекте «Одно село – один продукт» : Указ Президента Кыргызской Республики от 20 февраля 2023 г. № 29 // Эркин Тоо. – 2023. – 24 февраля (№ 14 (3463)). – Текст на кирг. яз.

2. Устойчивость региона, продемонстрированная деревней Умаджи // Бумеранг / Shimadzu Corporation. – 2022. – Vol. 46. – URL: https://www.shimadzu.co.jp/ boomerang/46/04.html (дата обращения: 21.10.2024). – Текст на яп. яз.

3. Отчет об охране окружающей среды и устойчивом развитии рудника «Кумтор» за 2014 год. – [Б. м.], 2014. – С. 22. – Текст на кирг. яз.

4. Киизбаев, М. «Одно село - один продукт» для развития Кыргызстана / М. Киизбаев // ИАЦ «Кабар» : [сайт]. – URL: https://kabar.kg/news/odno-selo-odin-produkt-dlia- razvitiia-kyrgyzstana (дата обращения: 22.10.2024).

5. Президент и Госсекретарь Японии обсудили проект ОСОП в КР // Акчабар : [сайт]. – URL: https://www.akchabar.kg/ru/news/prezident-i-gossekretar-yaponii-obsudili- proekt-osop-v-kr-vqjwbhshxphbfxzc (дата обращения: 22.10.2024).